DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 9, 2019

*Өмүралиева Ж.О.*

# МАНАСТЫН ТӨРӨЛҮШҮНДӨГҮ МИФОЛОГИЯЛЫК МОТИВДЕР (Молдобасан Мусулманкуловдун варианты боюнча)

*Омүралиева Ж.О.*

# МИФОЛОГИЧЕСКИЕ МОТИВЫ ПРИ РОЖДЕНИИ МАНАСА (по варианту Молдобасана Мусулманкулова)

*Zh.O. Omuralieva*

# MYTHOLOGICAL SIGNS AT THE BIRTH OF MANAS (according to Moldobasan Musulmankulov variant)

*УДК: 398.22(575.2) (04)*

*Кээ бир манасчылар эпостун текстерин устаттан кандай уккан болсо ошол бойдон сөзмө-сөз кайталабастан, өзүнүн дүйнө таанымы, ой-түшүнүгү, импровизациялык чеберчилиги, көз карашына жараша эпоско жаңы кошумчаларды киргизип, окуяны өнүктүрүп же кыскарткан. Эпос түрдүү объективдүү жана субъективдүү себептерден улам анын спецификалык өзгөчөлүктөрүнүн бири – өзгөрүүгө дуушар болгон. Бул кубулуш чоң манасчы Молдобасан Мусулманкуловдун вариантына да мүнөздүү. М.Мусулманкуловдун варианты байыркы жомоктук формада айтылып, Манастын ай менен күн нурунан жаралганын баяндаган ж.б. көөнө мотивдерди сактап калгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Макалада автор М.Мусулманкуловдун айтуусундагы “Манас” эпосундагы баласыздык, түш көрүү, бойго бүтүү жана балага ат коюу мотивдерине кыскача мүнөздөмө берет. Манастын төрөлүшүндөгү мифологиялык мотивдер салыштырма-текстологиялык усулда талдоого алынат. Баатырдын төрөлүшүнө байланыштуу сюжеттик мотивдердеги жалпылыктар жана өзгөчөлүктөр С.Орозбаков, С.Каралаев жана Б.Сазановдордун варианттары менен салыштырылып, илимий корутундулар чыгарылат.*

***Негизги сөздөр:*** *манасчы, айтуучу, көөнө мотивдер, сюжеттик салттуулук, өзгөчө төрөлүү, аян түш, бойго бүтүү, ат коюу, кырк чилтен, өрт, бата берүү.*

*Некоторые манасчи услышав тексты эпоса от учителя-наставника дословно его не повторяют. Наоборот, сообразно со своим мировоззрением, смысловым понятием, импровизаторским искусством и взглядом дополняют эпос, развивают событий или сокращают. Таким образом, из-за различных объективных и субъективных причин, специфическая форма эпоса меняется. Это явление тоже имеет характер для варианта великого манасчи Молдобасана Мусулманкулова. Вариант М.Мусулманкулова сказывается древне-сказочной форме, отличающийся своеобразием тем, что Манас сотворен из лучей солнца и луны, и в других сохранившейся ветхих мотивов. Автор в статье дает характеристику мотивов сказывания варианта М. Мусулманкулова в эпосе “Манас” как бездетность, вещие сны, беременность и наречение имени ребенку. Ми-фологические признаки при рождении Манаса анализируется сравнительно-текстологическим методом. Общность и своеобразие в сюжетных мотивах связанные с рождением богатыря сравнивается с вариантами С.Орозбакова, С.Каралаева, Б.Сазанова и выведены научные заключения.*

***Ключевые слова:*** *манасчи, сказитель, архаические мотивы, сюжетная традиционность, вещие сны, чудесные зачатие, огонь, сорок чильтанов, благословение, нарекании имени.*

*Having heard the texts of the epos from a teacher-mentor, some manaschis do not repeat it verbatim. On the contrary, in accordance with their worldview, semantic concept, improvisational art and glance complement the epic, develop events or reduce. Thus, due to various objective and subjective reasons, the specific form of the epic is changing. This phenomenon also has a character for the version of the great manaschi Moldobasan Musulmankulov. The author in the article gives a description of the motives for making the version of M. Musulmankulov in the epos “Manas” as childlessness, prophetic dreams, pregnancy and the tradition of giving the name of a child. Mythological signs at the birth of Manas are analyzed by comparative textological method.*

***Key words:*** *manaschi, narrator, old motives, narrative tradition, features at birth, prophetic dreams, wonderful conception, the fire, forty chiltans, blessing, grievances.*

“Манас” эпосунун сюжеттик линиясындагы окуялар, эпизоддор, мотивдер биздин күнгө чейин да түрдүү өзгөрүүлөргө учурап толукталып же кыскарып келген жана бүгүн да жандуу жашайт. Кээ бир эпизоддор манасчынын көз карашына, жеке чыгармачылык табитине ылайык өзгөртүлүп отурат. Ушундайча устаттан шакиртке өтүп келген “Манас” эпосунун сюжеттик окуялары түрдүү мотивдер, түшүнүктөр менен байып, же өзгөртүлүп келет. Манасчылардын улам кийинки мууну эпоско өздөрүнүн изденүүчүлүк жөндөмдүүлүгүнө жараша алымча-кошумчаларды киргизип келишкен.

“Манас” эпосунун өзөктүү окуяларын сактоо менен эпоско жеке сюжеттик айырмачылыктарын киргизип келген манасчылардын варианттарындагы сюжеттик салттуулук жана өзгөчөлүктөрүн тактоо, сюжеттик мотивдердин көркөм иштелишин анализдөө фольклортаануудагы маанилүү маселелердин бири.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Илимий изилдөөнүн темасы ушунусу менен актуалдуу. Макаланын негизги максаты – ушул маселелердин ичинен манасчы М.Мусулманкуловдун вариантындагы Баатырдын төрөлүшүнө байланыштуу көөнө мотивдердин чагылдырылышы, кандай формада сакталды, өзгөрүүгө учурадыбы деген суроолорго жооп издөө жана тексттеги көркөм функциясын ачып берүү болуп саналат. М.Мусулманкуловдун варианты алгачкы жолу комплекстүү анализге алынып жаткандыгы иштин жаңычылдыгын көрсөтөт.

М.Мусулманкуловдун айтуусундагы “Манас” эпосунун Баатырдын төрөлүшүнө тиешелүү сюжеттик мотивдердеги жалпылыктар жана өзгөчөлүктөр С.Орозбаков, С.Каралаев, Б.Сазановдордун варианттары менен салыштырма-текстологиялык усулда талданат. Окумуштуу В.М. Жирмунскийдин салыштырып анализдөө методу боюнча “Методической основой подобного исследования является сравнение вариантов. Только сравнение вариантов позволяет разложить огромную эпопею на ее составные элементы, выделить более древние части, наметить процесс сложения и развертывания эпического сюжета, процесс длительный и сложный, продолжавшийся много веков” деген теориялык пикири иштин методологиялык негизин аныктайт [3, 115-б.].

Манастын төрөлүшү жалпы эле баатырдык эпикалык чыгармаларга мүнөздүү болгон салттуу сюжеттик кереметтүү мотивдер менен коштолот. М.Мусулманкуловдун айтуусунда ушул салттуулук төмөндөгүдөй тартипте айтылат. 1. Баласыздык; 2. Аян түш көрүү; 3. Бойго бүтүү; 4. Талгак болуу; 5. Баатырдын өзгөчө төрөлүшү; 6. Балага ат коюу. Баласыздык, талгак болуу жана баланын өзгөчө белгилери менен төрөлүшү.

С.Орозбаковдун вариантында Чыйырды түшүндө ажыдаар көрүп, аяктай ак алма жейт [5, 89-б.]. Б.Сазановдун вариантында Чыйырды алманы өңүндө жейт [6, 22-б.]. Эки вариантта тең Чыйырдынын боюна алмадан бүтөт. Орозбаковдун вариантында Жакып баласыздыгына арман кылып кудайга жалынып, зар какшайт, Б.Сазановдо Жакып мазарларга сыйынып, Мекеге барып диний кейипкерлердин батасын алып, анан алар берген алманы Чыйырдыга жедирет. В.Я. Пропп балага зар болгон каармандын ыйык нерселерге жалынып, сыйынып, ырым-жырымдарды жасап, шаман, ислам ж.б. диний ишенимдер менен коштолгон жөрөлгөлөрдө алма мөмөсүнүн аялдын кош бойлуу болушуна алып келген символикалык ролу бар экенин көрсөтөт [10, 210-б.]. С.Каралаевдин вариантында Чыйырдынын түшү баяндалбайт, анын боюна бүтүшүндө Жакыптын түшү алдыңкы планга чыгат. Жакып түшүндө бала барчын бүркүт кармап, кылыч таап жана оң колуна күн, сол колуна айды кармап алат [7, 58-б.]. М.Мусулманкуловдун вариантында Чыйырды түшүндө Ааламды каптаган өрттү көрөт, Чыйырдынын этегинен чыккан өрт ааламды каптайт. Бул мотив текстте мындайча айтылат:

Этегимден өрт көрдүм,
Этектен чыккан жалынга,
Ааламдын баарын өрттөдүм [8, 15-б.]

Өрт грек мифологиясында да айтылып, Гекуба Паристи төрөрдөн мурун түшүндө шаарды жалындап каптаган өрттү көрөт [4, 233-б.]. Өрт – түгөтүп жок кылуучу, өлтүрүүчү символикалык мааниге ээ. Сюжеттик окуянын өнүгүшүндө бул символикалуу белги эки башка карама-каршы функцияны аркалайт. “Манаста” өрт Баатырдын образындагы өрттөй өткүр, кайраттуу, кескин курч мүнөзүн билдирет. Өрт, от, жалын, чок, кызыл түс жөнүндөгү “Кызыл мунар жаркырап, Кызыл жалын шаркырап”, “Найзасынын учунан, Кызыл жалын шыркырайт”, “Көзүнөн аккан чыркырап, Кызыл жалын чок болуп”, “Өрттөй көзү жайнаган” деген саптар өрттүн көркөм функциясын чагылдырат. М.Мусулманкуловдун вариантында:

Ак жибектей жуулуп,
Ай менен Күн асмандан
Бай Жакыптын үйүнө
Түшүптүр көктөн бурулуп [8, 87-б.] - деп айтылып, Манас Чыйырдынын Ай менен Күндөн боюна бүткөн бала экендигин билдирет. Мындай эпикалык типтүү мотивдер дүйнө элдеринин эпосторунда көп кездешет. Мисалы, “Грек мифологиясында атасы мунаранын башына камап койгон Данаяга Зевс алтын жаан болуп келет. Индустардын “Махабхаратада” Сурья (Күн кудайы) кызга нур болуп келип кошулат” [2, 20-б.]. Чыйырды түшүндө дүйнөнү каптаган өрт менен бирге башынан Күн, аягынан Айды көрөт. Ай менен Күн биригип көктөн түшүп келип, жуурулушуп эненин боюна сиңет. Бул белги Манастын образындагы мифтик көз караштыдагы да тереңдетет. Бул боюнча адабиятчы М.Борбугулов илимий талдоолорунда “мифтин түп нускасында Манас Ай менен Күндүн уулу болгон деген түшүнүк жашаган” деген ишенимдүү пикирге келген [2, 21-б.]. Мифтик мотивге таянсак эпостун баштапкы көөнө формасында Манас реалдуу адамдан эмес, Ай менен Күндөн бүткөн бала экенин далилдеген саптар М.Мусулманкуловдун вариантында ачык жана даана айтылган.

Айың менен Күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй, [8, 320-б.]
Ж.Кожековдо:
Айың менен күнүңдүн,
Бирөөнөн Манас бүткөн,
Алтын менен күмүштүн,
Арасынан эгелип,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ширөөнөн Манас бүткөн [1, 39-б.] - деген поэтикалык формула С.Орозбаков, Ж.Кожековдун вариантында Манастын портретин сүрөттөөдө пайдаланылган. Бирок Манастын төрөлүшүнө байланыштуу мотивдерди колдонууда бул саптар бул манасчылардын варианттарында эскерилбейт, М.Мусулманкулов жана С.Каралаевдин варианттарында кездешет. Өзгөчө Мусулманкуловдун вариантында бул мотив ай менен күндүн түндүктөн суурулуп кирип, Чыйырдынын койнуна киргени түрүндөгү формада берилип, бала менен эненин ортосундагы жакындыкты, энелик доорго тиешелүү байыркы белгилерди ташыйт. Бул мотив С.Каралаевдин вариантында да айтылат, бирок ай менен күндүн энеге эмес, атага байланыштуу айтылышы көөнө мотивдин аталык доорго өтүп катмарланууга дуушар болгонун көрсөтөт.

Бата берүү, тилек тилөө жалпы эле элдик оозеки чыгармачылыкта узак мезгилдер бою жашап, байыркылык мүнөзгө ээ болгон, бир катар окумуштуулар тарабынан изилдөөгө алынган жанр. Бата, тилек, алкыш айтуунун көөнөлүгүн далилдеген жана келип чыгышы, изилдениши, аткарган функциясы, классификацияланышы боюнча жалпы түрк элдеринде бир катар илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп келген. Мисалы З.Умбеталина “Казак бата сөздөрүнүн көркөмдүк өзгөчөлүктөрү” деген диссертациялык эмгегинде “Бата көөнө ынаным-ишенимдерге негизделген, сөз магиясы аркылуу адам өмүрүнө бардык жакшылыктарды алып келген туруктуу сөздөрдөн куралган, ыргактуулукка, уйкаштыкка ээ оозеки адабияттагы эзелки жанр” экенин айткан [9, 114-б.]. Кыргыздарда да “Манас” эпосу баштаган элдик оозеки чыгармалардын ичинде кездешкен бата, тилек тилөө, жалынуу сөздөрү анын байыркы көөнө жанр экенин көрсөтөт. Изилдөөчү Энвер Капаган “Кыргыз-түрк фольклорундагы ак бата, тилек, алкыштардагы айырмачылыктар жана окшоштуктар” деген диссертациясында бата берүүнүн өзгөчөлүктөрүн белгилеп жатып 5-пунктта “Батанын орундалышы өзгөчө. Ал айрым учурда калктын көйгөйүн чечүүчү күчкө ээ” деп жазган [12, 56-б]. Эпостун классикалык үлгүлөрүндө түшүн жоруткан кишиге жалпы элдин бата бериши салттуу мотивдердин бири. М.Мусулманкуловдун вариантында да батага өзгөчө көңүл бурулат. “Тилегиң кудай берсин, Айтканы кабыл келсин!” деп жалпы эл Жакып менен Чыйырдыга бата берет [8, 19-б.]. Элден бата алуу ар кандай кыргыздын ырым-жырымдары менен коштолот. Мисалы:

Баарына табак тарттырып,<br>
Табактын түбүн арттырып,<br>
Ар табактын түбүнөн<br>
Чыйырдыга таттырып,<br>
Чыйырды татып калганын<br>
Бакдөөлөткө арттырып [8, 19-б.] - деп, кыргыздын “Элге берсин, эл ичинде бизге берсин”, “элдин ырыскысы жугушсун” деген тилегин түшүндүргөн философиялык мазмундагы накыл сөздөрдү манасчы ушул эпизоддо ыктуу пайдаланган. Түш жорутуп, калың элден бата алуу “Манас” эпосундагы салттуу сюжеттик сызык болуп, бул көпчүлүк манасчылардын варианттарында айтылат. М.Мусулманкулов өзүнүн вариантында батага өзгөчө көңүл бурат жана эпостун тексттеринде өнүктүрүп, айрыкча баатырдын төрөлүшүндө эң маанилүү функция катары алдыңкы орунга коёт. Мисалы, Семетей салттуу сюжеттик окуяларда Кошойдун батасынан бүткөн бала болсо М.Мусулманкуловдо Каныкейге Кошой жана кырк чоро да бата берет, ал эми Күлчоро Бакайдын батасынан бойго бүтөт. Кырк чоронун Каныкейге бата бериши Б.Сазановдун вариантында да “Кан баласы Каныкей, Кырк чородон дуба алып” - деп айтылат [6, 125-б.].

“Жаңы төрөлгөн балага ат коюунун татаалдыгы байыркы түрк элдеринин адамдын келечектеги тагдырына анын атынын магиялык таасири бардыгы жөнүндөгү түшүнүктөрү менен байланышкан” [1, 43-б.]. Балага ат коюу Молдобасан манасчынын вариантында Баатырдын колдоочусу кырк чилтендин “Манастаган” ураанына түз байланыштуу. Байыркы иран мифологиясынан трансформацияланган Манастын колдоочулары – кырк чилтендин келечекте төрөлө турган баланын баатыр чыгар белгилерин алдына ала бергендиги С.Орозбаковдун вариантында да кездешет. Бирок, балага ат коюу учурунда кырк чилтендин “Манастаган” урааны жөнүндө эскерилбейт. Баланын атын ак сакалчан дубана коёт. С.Орозбаковдо балага Манас деген ысымдын берилишинде кырк чилтен арткы планда калып, белги катары каралып, дубананын ат коюшу болуп катмарланууга дуушар болгон. Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында биринчи баскычта эле кырк чилтендин белгиси эске алынып, балага Манас деген ат коюлат. Бул вариантта кырк чилтен Манастын колдоочусу катары дайыма активдүү катышат. Эки манасчынын варианттындагы кырк чилтендин “Манастап” ураан чакырышын жана балага ат коюу мотивин изилдөөчү Р.Сарыпбеков мындайча талдоого алган: “Адатта, С.Орозбаков андай жерде өзүнүн түшүндүрмөсүн, эскерүүлөрүн кошо берерин анын вариантынын жалпы текстинен жакшы билебиз. Кебетеси бул жерде айтуучунун өзү да анын (кырк чилтендин “Манастаган” ураанын Ж.Ө.) эмне экенин жакшы түшүнө албагандыктан, билбегендиктен айланып өткөн. М.Мусулманкулов ал кырк бала Манастын жана анын кырк чоросунун периштеси деп кыргыз элинин түшүнүгүнө эң кийинки учурда кирген мусулман дининин духунда

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



түшүндүрүүгө аракет жасайт” [11, 41-б.]. Сарыпбековдун илимий көз карашында Меңдибайга жолуккан кырк чилтен бул, – Манастын духу. Манастын төрөлүшү – ал духтун кайрадан төрөлүшү жөнүндөгү эң байыркы ишенимге байланышкан мотив экендигин түшүндүрөт.

Жыйынтыктасак, М.Мусулманкуловдун варианты “Манас” эпосундагы баатырдын төрөлүшүнө байланыштуу көөнө мотивдерди сактап калган. Жакыптын баласыздыгына арман кылышы, негизги каармандардын аян түшү, Чыйырдынын жолборстун этине талгак болушу С.Орозбаков жана С.Каралаевдердин варианттарына үндөш айтылып, негизинен мазмуну боюнча окшош. Ал эми айрым мотивдер М.Мусулманкулов тарабынан өнүктүрүлүп же байыркы формасында эле калып калган. Мисалы, Чыйырдынын түшүндө жалындаган өрттү көрүшү – келечекте төрөлө турган баланын өзгөчө баатырдык сапаттарынан кабар берсе, Манастын ай менен күн нурунан жаралышы Баатырдын образындагы мифтик көз караштарды тереңдетет. Балага ат коюу С.Орозбаков жана Б.Сазановдо катмарланууга дуушар болуп, М.Мусулманкуловдун вариантында Манастын колдоочусу кырк чилтендин балага ат коюушу менен исламга чейинки иран мифологиясындагы байыркы форманы сактап калган. М.Мусулманкуловдун варианты ушундай көөнө мотивдик өзгөчөлүктөрү менен фольклор таануу дүйнөсүндө баалуу.

**Адабияттар:**


1. Айталиева Т. “Манастын төрөлүшү жана балалык чагы” аттуу эпизоддун манасчылардын варианттарында берилиши. // Известия вузов Кыргызстана. №11, 2016. - 38-40-бб.
2. Борбугулов М. “Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы. - Б.: “Айат”, 2004. - 160 б.
3. Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. - Л.: “Наука” 1974. - 728 б.
4. Кун Н.А. Легенды мифы и Древней Греции. - Ф.: 1984. - 447 с.
5. Манас. Баатырдык эпос. С.Орозбаковдун варианты боюнча. - Б.: “Кыргызстан” 1995. – 568 б.
6. Манас. Баатырдык эпос. Б.Сазановдун варианты боюнча. - Б.: “Бийиктик плюс” 2017. – 668 б.
7. Манас. Баатырдык эпос. С.Каралаевдин варианты боюнча. - Б.: “Дилазык” 2018. - 1024 б.
8. Манас. Баатырдык эпос. М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. - Б.: “Бийиктик плюс” 2017. - 728 б.
9. Умбеталина З. Казак бата сөздөрүнүн көркөмдүк өзгөчөлүктөрү. [Текст]. Канд.дисс. 10.01.09. - Алматы, 2003. - 129 б.
10. Пропп В.Я. Русский героический эпос. [Текст] / В.Я. Пропп. - М.: Гос. изд-во худож. лит., 1955. - 603 с.
11. Сарыпбеков Р. “Манас” эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. - Ф.: “Илим” 1987. - 150 б.
12. Энвер Капаган. Кыргыз-түркфольклорундагы ак бата, тилек, алкыштардын айырмачылыктар жана окшоштуктары. [Текст] Канд.дисс. - Б.: 2013. - 174 б.